LANGUE FRANÇAISE EN ASIE CENTRALE

MINISTÈRE DE L'EUROPE ET DES AFFAIRES ÉTRANGÈRES

FSPI

la francophonie

# БОРБОРДУК АЗИЯДА ФРАНЦУЗ ТИЛИ БОЮНЧА АЙМАКТЫК ОЛИМПИАДА

**-2021-**

# КОНКУРСТУН ЖОБОЛОРУ

2021-жылы Борбордук Азиядагы Француз маданият түйүнү француз тили боюнча онлайн Олимпиаданы алгачкы жолу уюштурат, ага катышуу Борбордук Азиянын 5 республикасындагы (Өзбекстан, Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жанаТүркмөнстан) бардык франкофондор жана франкофилдер үчүн акысыз жана ачык.
Аталган жобо улуттук тилдерде, ошондой эле французча жана орус тилдеринде бардыгына жеткиликтүү тартипте Француз тили боюнча Аймактык Олимпиадаларга катышуунун шарттарын жана эрежелерин аныктайт.

## КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ

- Борбордук Азиянын 5 республикасындагы бардык франкофондордун жана франкофилдердин бардыгына, жаш курагына, жынысына жана улутуна карабастан конкурска катышуу сунушталат.
- Акысыз каттоо **2021-жылдын 10-апрель күнү, саат 12.00гө чейин ачык (Париж убактысы боюнча).**
- Бардык катышуучулар өз багыттары боюнча 8 категорияга бөлүштүрүлөт:

- *1-категория : 1-класстан 8-класска чейинки  мектеп окуучулары*
- *2-категория : 9-класстан 11-класска чейинки  мектеп окуучулары*
- *3-категория : француз мектептеринин окуучулары жана француз мектеп окуучулары*
- *4-категория : француз тилинен адис  эмес-студенттер(башка багыттагылар)*
- *5-категория : француз тилине адистешкен-студенттер*
- *6-категория : француз тилинин мугалимдери жана кесипкөй адистери*
- *7-категория : башка учурлар, француз тили эне тили болбогондор*
- *8-категория : башка учурлар, француз тили эне тили болгондор*

- Өздөрүнө электрондук почта аркылуу жөнөтүлгөн аталган регламенттеги коюлган шарттарды, ошондой эле көрсөмөлөрдү бардык катышуучулар сактоого милдеттүү

## КАЛЕНДАРЬ ЖАНА ТАПШЫРМАЛАРДЫН ФОРМАТЫ

- **2021-жылдын 10-апрелин кошкондо:** акыркы каттоо күнү. Конкурска катышууга каттоо аяктаган күнгө чейин жазылууга үлгүргөн катышуучулар гана катыша алат.
- **18-апрель: Олимпиаданын 1-этабы** "Orthodidacte" платформасы менен (платформа орфография боюнча Франциянын чемпиону Гийом Терьен тарабынан негизделген) кызматташтыкта түзүлгөн Диктант жана онлайн тесттен турат. Олимпиаданын биринчи этабына кошулуу: Өзбекстан, Тажикстан жана Түрмөнстанда саат 15.00дө/Казакстан жана Кыргызстанда саат 16.00дө.
- **22-апрелде:** 2-этапка өткөн лауреаттардын тизмесин жарыялоо. Биринчи этаптан тандалган болгону 64 эң жакшы (ар бир категориядан сегиз) талапкер почта боюнча экинчи этапка чакырылат.
- **26- жана 27-апрель: Олимпиаданын 2-этабы** Борбордук Азиядагы француз маданият түйүнөн турган аралаш жюри менен онлайн аңгемелешүүдөн өтүшөт.
- **30-апрель:** акыркы жыйынтыктарды чыгаруу жана  Олимпиаданын жеңүүчүлөрүнүн тизмесин жарыялоо

## КОНКУРСТУН КАЛЫСТАР ТОБУ

- 1-этаптын тапшырмасы "Orthodidacte" платформасынын алгоритмине ылайык (Диктанттагы каталардын санына, Тесттеги туура жоопторго жана ага коротулган убакытка ылайык салыштырмалуу эсептөө) текшерилет.

● Конкурстун оозеки бөлүгү үчүн калыстар тобуна француз тилинин окутуучулары жана Франция элчилигинин, Француз Альянсынын жана Борбордук Азиянын 5 республикасындагы Француз Институттарынын өкүлдөрү киришет.

**БАЙГЕЛЕР ЖАНА СЫЙЛЫКТАР**

● Ар бир категориянын лауреаттарыээлеген орундары жана багыттарына ылайык түрдүү байгелер менен сыйланышат: жайкы лингвистикалык стажировкалар, француз тилинин курстары, ноутбуктар, iPad, электрондук китептер (кыскача тизме).

● Бардык катышуучулар катышкандыгы тууралу сертификат алышат.

**МААЛЫМАТТАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУ**

● Каттоо формулярында көрсөтүлгөн жекече маалыматтар, ошондой эле Олимпиаданын түрдүү этаптарындагы жыйынтыктар Борбордук Азиядагы 2021 Аймактык Олимпиадаларын уюштуруу максатында жекече мүнөздөгү иштеп чыгууга алынат.

● Каттоо маалында берилген же Олимпиаданын этаптарын өтүүдө алынган жекече мүнөздөгү маалыматтар, 1-этаптан өткөндөн кийин тандалган аты-жөнү жазылган тизмеден, өлкөлөрдөн жана катышуучу өлкөлөрдөн тышкары, ошондой эле оозеки бөлүктөн өткөндөн кийин лауреаттардын тизмеси толук бекитилгенден кийин эч жерде жарыяланбайт жана үчүнчү жактарга берилбейт.

**МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР**

● Каттоо мезгилинде ар бир катышуучу өзү тууралу жана өзүнүн абалы жөнүндө берилген маалыматтардын аныктыгын жана чындыгын тастыктайт.

● Ар бир катышуучу Олимпиаданын түрдүү этаптарын жекече тартипте жана өз алдынча өтөт, ошондой эле почтадан жөнөтүлгөн кириш кодун сыр бойдон кармоого милдетенме алат.

● Уюштуруучулар бардык талапкерлердин жеткиликтүү түрдө катышуусунун кепилдиги үчүнбардык чараларды көрүүгө милдеттенишет.

● Уюштуруучулар катышуучулардын интернет-кошулууларына байланышкан көйгөйлөргө, катышуучулар Олимпиадага кошула турган жерде пайда болгон техникалык үзгүлтүктөргө жана байланыштын жеткиликтүү болушуна коюлган чектөөлөр үчүн жооп беришпейт.

**БАЙЛАНЫШТАР**

● Маселелер пайда болсо же маалыматтарды сураштыруу керек болгон учурларда төмөндөгү почта дарегине кайрылсаңыздар болот: olympiadesregionales@gmail.com